КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

# МУЗЫКА

## предмети боюнча жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн окуу программасы

*I-IV класс*

БИШКЕК – 2023

Жалпы билим берүүчү мекемелердин 1-4-класстары үчүн музыка предмети боюнча программасы – Б.: 2023. – 27 б.

**Программаны түзүүчүлөр:**

1. Дуйшеналиев Жумабек Сапаралиевич – Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун «Информатика, технология жана искусства» кафедрасынын башчысынын м.а., ага окутуучусу, музыка таануучу (топтун жетекчиси).
2. Жакыпов Кубат Куланчиевич – Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусства университетинин Окуу иштер боюнча проректору, п.и.к., доцент.
3. Шамбетова Кулнар Джетикошконовна. – И. Арабаев атындагы КМУнун «Искусство жана дизайн» факультетинин «Музыка» кафедрасынын ага окутуучусу.
4. Молдаширова Айым Азатбековна – Сокулук району, К. Шопокова атындагы №3 мектеп-лицейинин музыка мугалими.

Программа боюнча сунуш, пикирлерди төмөнкү дарек боюнча жөнөтүүңүздөрдү суранабыз.

720024, Бишкек шаары.

Свердлов району, Широкий к., 1Б

КРны ББжИМнин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институтунун (РПККЖжКДИ) «Информатика, технология жана искусства» кафедрасы.

## ТҮШҮНҮК КАТ

1-4-класстардын «Музыка» программасы ар түрдүү типтеги жалпы билим берүүчү мекемелер үчүн даярдалган. Бул программа 5-7-класстардын прогрммасы менен терең байланыштуулугу менен мүнөздөлөт. Тематикалык жана музыкалык материалдарды координациялоодо методологиялык жана методикалык мамилелердин өнүгүүсү бирдиктүү көрсөтүлгөн.

Бул программа жалпы педагогика жана музыкалык педагогика илиминде калыптанып, калган окуучулардын музыкалык-эстетикалык жактан өнүгүүсүнүн позитивдүү салттуулугуна таянат. Бир эле мезгилде бул программанын концепциясы, анын мазмуну, түзүмү менен музыкалык материалдарды тандоо принциби, адабий жана көркөмдүүлүк жактан иреттүү түзүлүшү жагынан өзүнчө иштелип чыккан программа. Окуучунун музыкага болгон мамилесин сактоо менен анын жалпы руханий маданиятынын бир бөлүгү катары, бул программа адабият, көркөм өнөр, информатика, тарых, кыргыз тил предметтери менен байланыштырууну максаттанат.

Бул программанын, башталгыч класстардын (1-4-кл.) мурунку программаларынан өзгөчөлүгү төмөнкүлөр:

- ✓ 1-2-класстарда жумасына эки сааттан берилгендиги;
- ✓ Музыка предметинин предметтик стандартынын негизинде түзүлгөндүгү;
- ✓ Музыкалык материалдардын жаңыланышы менен стандартта берилген мазмундук багыттардын негизинде максаттуу методикалардын киргизилиши;
- ✓ Музыканын мазмунунун көйгөйүн чечүүдө системалуу жайгаштырууну максаттангандыгы;
- ✓ Музыка таануу, музыкалогия жана искусство таануу музыкалык-эстетика, эстетика, адабият таануу илимдеринин жетишкендиктерин практика жүзүндө ишке ашырылып келе жаткандыгын эске алуу менен, музыкалык искусствону *стилдик өңүттө* карагандыгында.

Предметтик компетенттүүлүктөр:

1. Эмоциялык-баалуулук компетенттүүлүгү – балдар музыкалык чыгармалары менен инсандык, эмоциялык-сезимдик байланыш, музыкалык ишмердүүлүктүн ар кыл түрлөрүндө ишке ашырылат. Музыкалык искусствонун конкреттүү чыгармалары менен таанышуудан келип чыккан эмоциялык абалын сыпаттап берүүгө жөндөмдүүлүк, түрдүү мезгилдердин, элдердин, ар кыл стилдеги, жанрдагы, типтеги музыкалык искусствонун чыгармаларында аккумуляцияланган адептик идеалдарга баа берүү жөндөмдүүлүгү.

2. Музыкалык-эстетикалык компетенттүүлүк – окуп-үйрөнүлүп жаткан музыкалык чыгармалардын жанрдык негизин, стилдик өзгөчөлүктөрүн аныктоо жөндөмдүүлүгү, салыштыруу, Балдар музыкалык искусствонун чыгармаларын классификациялоо жана угуу аркылуу берилген бир же бир нече белгиси боюнча элдик, улуттук, дүйнөлүк классикалык музыканын чыгармаларын аныктай билүү, музыкалык чыгарманы талдоо жөндөмдүүлүгү, музыкалык түшүнүктөрдү колдонуу менен музыкалык образдар тууралуу ой пикирин айта билүү жөндөмдүүлүгү.

3. Аткаруучулук компетенттүүлүк – музыкалык тилдин каражаттарын колдонуу менен хордук жамаатта жана жекече ырдоодо жана аткарууда интерпретациялоо жөндөмдүүлүгү.

Музыкалык чыгарманы аңдап түшүнүүнүн негизинде музыканы уга билүү, аны хор менен же/жана жекече аткара билүү, талдай билүү билгичтиктерин баскычтуу, ырааттуу түрдө калыптандыруу турат. Буга байланыштуу, компетенттүүлүктөрдүн мазмунунда музыкалык чыгарманы түшүнүү үчүн бир нече аспектилер бөлүнүп көрсөтүлгөн. Алар:

1) музыкалык чыгарманы баштапкы кабылдоо жана аны менен таанышуудан, угуудан пайда болгон эмоциялык абалды сыпаттоо;

2) талдоо;

3) интерпретация;

4) баалоо.

Программанын талаптарын аткарууда мугалимдерге чыгармачылык эркиндик берилет. Сабак өтүү программада берилген музыкалык материалдар менен гана чектелбейт. Мугалим предметтик стандарттагы мазмундук багыттарды, сабактын тематикасын сактоо менен башка музыкалык чыгармалардан колдонууга толук мүмкүнчүлүктөрү бар.

Башталгыч класстарда «Музыка» предметинин максаты:

- Инсандын ар тараптуу өнүгүшүнүн эң маанилүү компоненти катары, музыкалык маданиятка баарлашуу аркылуу окуучуларда музыкалык-эстетикалык жана руханий адептик тарбиялоону калыптандыруунун негизин түзүү.

Башталгыч класстарда «Музыка» предметинин милдеттери:

- Искусствонун предмети катары музыканы жакшы көрүүгө жана сыйлоого үйрөтүү;
- Музыка – ар бир баланын жашоосундагы эң маанилүү бөлүгү катары түшүнүүнү үйрөтүү;
- Айлана-чөйрөгө болгон сүйүүнү жана эмоционалдуу боорукердикти калыптандырууга демилге берүү;
- Музыкалык чыгармалар аркылуу көркөм табиттин негиздерин үйрөтүү;
- Музыка менен искусствонун башка түрлөрүнүн (биринчи кезекте «Көркөм өнөр» менен «Адабият») өз ара байланышын көрө билүүгө үйрөтүү;
- Музыкалык сабаттын негиздерин үйрөтүү;
- Музыка менен баарлашууну уюштуруу.

***1-4-класстардын Музыка предметинин мазмундук багыттары:***

- Музыканын тили.
- Музыкалык интонация.
- Музыкалык образ.
- Музыканын тиби жана формасы.
- Музыканын стили жана жанрлары.
- Автор (автордун дүйнөсү).

Бул класстардын программасында төмөнкү багыттар боюнча олуттуу өзгөрүүлөр болду. Алар:

- Уктуруу жана аткаруу үчүн берилген музыкалык чыгармаларда.
- Музыкалык адабият боюнча материалдарда.
- Музыканын теориясы боюнча материалдарда.

Бул программанын милдеттерин иш жүзүнө ашыруу, музыкалык чыгармачылыктын ар түрдүү түрлөрү аркылуу жүргүзүлөт. Алардын негизгилеринен, хор менен ырдоо, музыка угуу жана ал жөнүндө ой жүгүртүү, балдар музыкалык аспаптарында ойноо, музыкалык ыргактык кыймыл, пластикалык интонациялоо жана импровизациялоо, музыкалык драмалык сахналаштыруу болуп эсептелет.

Программанын музыкалык негизин кыргыз элдик ырлар, дастандар, музыкалык жомоктор менен музыкалык фольклордун үлгүлөрү жана классик-композиторлор менен

обончу-композиторлордун чыгармалары түзөт. Бөтөнчө классик-композиторлордун балдар үчүн жазылган чыгармалары «иллюстративдик» жардамчы функцияны аткарбастан, программанын мазмунун өздөштүрүүдө максаттуу, маанилүү роль ойнойт.

Программадагы музыкалык чыгармалар окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, чыгырмалардын жеткиликтүүлүгүнө жана көркөм таасирдүүлүгү менен билим, тарбия берүүчүлүк багыттарына «жөнөкөйдөн, татаалга» принцибин эске алуу менен тандап алынды. Академиялык материалдар реалдуу мүмкүнчүлүктөргө жооп берген сабак кызматынын чегинде берилди. Балдар ырларынын репертуары бир канча вариативде колдонуу максатта кеңейтилген варианттарда сунушталды.

Угуу үчүн берилген музыкалык чыгармалар же ал чыгармалардын фрагменттери 1-2-класстарда эки минуттан, ал эми 3-4-класстарда болсо үч минуттан ашпоосу сунушталат.

Программадагы негизги методдор катары: предметтер аралык өз ара аркеттенишүү; стилдик мамиле; чыгармачылык метод; системалык мамиле; жекеден жалпыга чыгуу методу болуп эсептелет.

Предметтер аралык өз ара аракеттешүү метод. бул программанын маанилүү стратегиялык методу болуп эсептелет. Анткени ар түрдүү предметтердин бири-бирине болгон таасирдүүлүк процесси ачып көрсөтүлөт.

Программанын чегинде, башталыч класстар үчүн предметтер аралык өз ара аркеттешүү методу, музыкага тиешелүү болгон сүрөттүүлүктү, поэтикалуулукту «көркөм контексти түзүүдө» көрсөтө алат (1-4-класстар). Теманын деңгээлинде музыка, поэзия жана живопистин мазмундук жалпылуугун көрсөтүү болот. Музыка менен живопистин кээ бир жанрдык окшоштуктарын белгилөө болот (3-класс.)

Чыгармачылык метод. Бул метод, окуучулар өткөн темаларын практикалык жактан ишке ашыруусунун сапаттык жыйынтыгынын көрсөткүчү катары колдонулат. Чыгармачылык - бул башкалардан айырмаланган өзүнө таандык, абдан уникалдуу болгон ар бир баланын таланты. Ошондуктан ар дайым жаңылык десек болот. Бул жаңылыкты, окуучулар көркөм ишмердүүлүктүн бардык формаларында, биринчи кезекте ырдоодо, импровизациялоодо, музыкалык-драмалык театрлаштырууда колдонуп көрсөтө алышат.

Системалык мамиле – сабактардын тематикасы, аткаруу жана угуу үчүн берилген музыкалык материалдар, практикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү сыяктуу программанын бардык компоненттеринин бирдиктүүлүгүнө, бүтүмдүүлүгүнө жетүүгө багытталган. Андан башка, системалык мамиле ар бир класстын жана жалпы башталгыч класстардын билим, тарбия берүүнүн мазмунунун бүтүмдүүлүгүн координациялайт.

Жекеден жалпыга чыгуу методу. Бул метод - программадагы компонеттердин ар тараптан, бирдиктүү жана абдан толук камтыган материалдарды ар дайым бир жол менен өнүгүүнү чагылдырат.

Программа үч тепкичтүү (этаптуу) иерхиялык түзүмгө (структурага) ээ. Мындай түзүм системалуулук, ырааттуулук принциптерине таянуу менен иш жүзүнө ашырылат. «Кадам артынан кадам» методу; спирал сыяктуу өнүктүрүү (ар башка тепкичтерде, ар башка класстарда мазмундук деңгээл жагынан кеңейтилген баскычта материалдардын бир канча жолу кайталанышы); ар бир класстын ичинде темалардын үзгүлтүксүз өнүгүүсү.

Биринчи, *концептуалдык* деңгээл. Бул деңгээлде ар бир класстын окуу жылынын аталган темаларынын мазмунун ачып көрсөтүүгө жана өнүктүрүүгө негизги таяныч болот:

1-класс- Бардык жерде бизге музыка, музыка угулат.

2-класс- Музыканын негиздери.

3-класс- Менин элимдин жана дүйнө элдеринин музыкасы.

4-класс- Искусствонун башка түрлөрү менен музыканын бирдиктүүлүгү.

Усулдук сунуштар жана кеңештер.

Музыка предмети көп тармактуу, аны окутууда мугалимдин устаттык иш-аракети менен чыгармачылыкта иштөө талап кылынат. Окутуунун негизги формасы сабак болуп эсептелет. Сабактар музыкалык табышмак, музыкалык инсценировка, конкурс – сабак, концерт – сабак, музыкалык дидактикалык оюндар, музыкалык интермедиялар аркылуу өткөрүлөт.

Сабактардын жогорку деңгээлде өтүлүшү, үзүрлүү болушу үчүн, алардын жабдылышы да зор мааниге ээ. Мугалим сабакты бардык керектүү каражаттар (музыкалык аспаптар, ноталык китептер, музыкалык адабияттар, медиа каражаттар музыкалык таблицалар ж. б. көрсөтмө куралдар) менен жабдуусу зарыл.

**1-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар**

Мектепке алгач келген балдардын шык-жөндөмдөрүн, жаш өзгөчөлүгүн, мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен төмөндөгүдөй жылдык талаптар коюлду:

- ✓ мугалимдин окуучулар менен алардын мектепке биринчи келиши, мектеп турмушу, музыка жөнүндө ангемелешүүсү;
- ✓ сабактарга коюлган темалар боюнча маек куруу. Ал темаларды чагылдырган чыгармалардан уктуруу;
- ✓ уктурулган чыгармаларды талдоону (мүнөзүн, мазмунун, ылдамдыгын ж. б. аныктоо) үйрөтүү;
- ✓ уктурулган жана үйрөтүлгөн чыгармалардын авторлору менен кыскача тааныштыруу;
- ✓ ырдоонун эрежелерин билүү;
- ✓ дирижерлук шилтемдерди (чыгарманы баштоодо, бүтөөрдө) түшүнүү;
- ✓ ырдоо убактысында сөздөрдү таза, так, түшүнүктүү айтып ырдоо:
- ✓ мугалимдин көрсөткөн (ырдап) добуш бийиктигин так, таза, ачык көрсөтүү (ырдап);
- ✓ бир эле добушта ма, мо, му, муундарында ырдоо (көнүгүү жасоо);
- ✓ аспаптын коштоосунда ырдоого көнүгүү;
- ✓ чыгармалардын бөлүктөрүн (куплет, кайырма) айрып билүү;
- ✓ түрдүү мүнөздөгү көнүгүүлөрдөн ырдоо.
- ✓ ырдын сөзүнө жараша мимика жана жаңсоолор менен ырдоо;

**1-класста «Бардык жерде бизге музыка, музыка угулат…»** деген жалпы жылдык тема коюлуп, анын мазмуну жана максаты төмөнкү багыттарда берилди:

I. **Мектеп**. Балдардын мектепке биринчи келиши, мектеп турмушу, мугалимдер, окуу куралдар менен таанышуусу.

II. **Ата Мекен**. Окуучулардын ата-энелерге, мекенге болгон сүйүү сезимдери, ата-энелерди жаз майрамдары (8-Март, Нооруз, 1-Май, 9-Май) менен куттуктоосу. Майрамдар жөнүндө түшүнүк алышы. Достукка, тынчтыкка, Ата Мекенди сүйүүгө ж. б. тарбиялоо.

III. **Жаратылыш, жыл мезгилдери.** Мында жаратылыштын кооздугуна, кереметтүүлүгүнө болгон сезимдери, ар бир мезгилдин (жаз, жай, күз, кыш) келиши, көрүнүшү, кубулуштары, аларга болгон көз караштары.

IV **Өсүмдүктөрдүн, жан-жаныбарлардын жашоо-тиричилиги.** Балдардын аларга болгон мамилеси, кам көрүүсү, коргоосу.

**I ЧЕЙРЕК. «Мектебим жана мекеним музыкада» (18 саат)**

**Тема: «Мектеп» (4 саат).**

**1-сабак**

1. «Биринчи коңгуроо», музыкасы К.Эралиеваныкы, сөзү С.Рысбаевдики - уктуруу.
2. «Мектебим», музыкасы Б. Исаковдуку, сөзү И. Исаковдуку – үйрөтүү.

**2-сабак**

1. «Мектебим», музыкасы Б. Исаковдуку, сөзү И. Исаковдуку – аткаруу.
2. «Сабакта», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.

**3-сабак**

1. «Китеп», музыкасы И. Аманбаевдики, сөзү А. Кадыровдуку – үйрөтүү.
2. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю.Фескинаныкы – уктуруу.

**4-сабак**

1. «Китеп» – аткаруу.
2. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу жана үйрөтүү. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: «Күз келди» (6 саат).**

**5-сабак**

1. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – үйрөтүү жана аткаруу.
2. «Күзүндө», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.

**6-сабак**

1. «Күздө», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү А. Токомбаевдики – үйрөтүү.
2. «Күзгү бакчам», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү Ж. Садыковдуку — уктуруу.

**7-сабак**

1. «Күздө», музыкасы А.Малдыбаевдики, сөзү А.Токомбаевдики – аткаруу.
2. «Күзгү бакчам» — кайталап уктуруу. Окуучулар менен «Күз» жөнүндө чыгармалар менен маек куруу.

**8-сабак**

1. «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү М. Жангазиевдики — үйрөтүү.
2. «Цветной дождик», музыкасы жана сөзү Ю. Фескинаныкы – уктуруу.

**9-сабак**

1. «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү М. Жангазиевдики — аткаруу.
2. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**10-сабак**

1. «Күз келди» теманын негизинде аткарылган музыкалык чыгармаларды кайталоо.
2. Өтүлгөн темалардын негизинде окуучулар менен диалог түзүү, маектешүү.

**Тема: «Куштар кетти» (8 саат).**

**6-сабак**

1. «Куштар кетти», музыкасы А. Аманбаевдики, сөзү А. Осмоновдуку – үйрөтүү.
2. «Турумтай», музыкасы элдики — уктуруу.

**7-сабак**

1. «Куштар кетти» – аткаруу.
2. «Торгой», музыкасы элдики – уктуруу.

**8-сабак**

1. «Тып-тып», музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы – үйрөтүү.
2. «Куштар кетти» – уктуруу.

**9-сабак**

1. «Мамалак», музыкасы жана сөзү. Г. Эсенгулованыкы – уктуруу жана үйрөтүү.
2. «Тып-тып» – аткаруу жана уктуруу. Чыгарама жөнүндө маек куруу.

**10-сабак**

1. «Мамалак» – аткаруу.
2. «Турумтай», «Торгой», музыкасы элдики. Окуучулар менен куштар жөнүндө салыштырып уккан музыкалары жөнүндө маектешүү.

**11-сабак**

1. «Уят ай», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы, сөзү А. Кадырованыкы – уктуруу.
2. «Мамалак» – аткаруу. Кайталоо.

**12 – сабак**

1. «Күзгү бакчам», «Мектебим», «Куштар кетти» деген темалар боюнча элестөөлөрдү музыка угуу менен кагаз бетине сүрөттөө.
2. Чейректик корутунду сабакка даярдануу.

**13 – сабак**

Чейректик корутунду концерт – сабак.

**II ЧЕЙРЕК (14 саат)**

**Тема: «Жаныбарлар кышка камынат» (4 саат)**

**1-сабак**

1. «Чымчыктын ыры», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү А. Осмоновдуку – үйрөтүү.
2. «Жөжөлөрүм», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.

**2-сабак**

1. «Чымчыктын ыры», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү А. Осмоновдуку –аткаруу.
2. «Күчүк досум», музыкасы Т. Саламатовдуку – уктуруу.

**3-сабак**

1. «Кышта», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү Т. Кожомбердиевдики — үйрөтүү.
2. «Жөжөлөрүм», «Күчүк досум» – уктуруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармаларды салыштыруу аркылуу маек куруу.

**4-сабак**

1. «Кышта», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү Т. Кожомбердиевдики – үйрөтүү, аткаруу.
2. «Кышта», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу.

**Тема: «Кыш келди» (4 саат)**

**5-сабак**

1. «Кышта», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү Т. Кожомбердиевдики – аткаруу.
2. «Балаты», музыкасы А. Аманбаевдики – уктуруу.

**6-сабак**

1. «Таарынчаак», музыкасы А. Укурчиновдуку, сөзү Ж. Курмановдуку –үйрөтүү.
2. «Чыр бала», музыкасы жана сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.

**7-сабак**

1. «Таарынчаак» – музыкасы А. Укурчиновдуку, сөзү Ж. Курмановдуку – аткаруу.
2. «Кышта», музыкасы А. Малдыбаевдики – аткаруу (кайталоо).

**8-сабак**

1. «Кышта», «Таарынчаак» – аткаруу. Окуучулар чыгармаларды салыштыруу менен маек куруу.
2. Окуучулар менен «Кыш» жөнүндө уктурулган, аткарылган чыгармаларды салыштыруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: «Жаңы жылды тосолу» (6 саат)**

**9-сабак**

1. «Жаңы жылды тосолу», музыкасы М. Абдраевдики – уктуруу.
2. «Новогодняя», музыкасы А. Филиппенконуку, сөзү Г. Бойконуку – үйрөтүү.

**10-сабак**

1. «Новогодняя» музыкасы А. Филиппенконуку, сөзү Г. Бойконуку — аткаруу.
2. «Аяз-Ата», музыкасы Э. Койбагарованыкы -уктуруу.

**11-сабак**

1. «Жаңы жыл жылмаят», музыкасы К.Эралиеваныкы, сөзү Д.Жамансартованыкы – үйрөтүү.
2. «Аяз-Ата», «Жаны жылды тосолу» – уктуруу. Окуучулар менен ырлардын мазмунун салыштыруу.

**12-сабак**

1. "Жаңы жыл жылмаят» – аткаруу.
2. «Аяз-Ата», музыкасы Э. Койбагарованыкы – уктуруу. Окуучулар менен ырлардын мазмуну жөнүндө маек куруу.

**13-сабак**

1. «Жаңы жылды тосолу» аттуу темада окуучулар менен өтүлгөн чыгармаларды салыштыруу, маек куруу.
2. Чейректик корутунду сабакка даярдануу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**14-сабак**

1. Чейректе өткөн (аткаруу жана уктуруу үчүн) чыгармаларды кайталоо.
2. I жарым жылдык жыйынтык концерт-сабак.

**III ЧЕЙРЕК (20 саат)**

**Тема: «Гүлдөй берсин мекеним» 8 саат**

**1-сабак**

1. «Гүлдөй берсин мекеним», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу.
2. «Кең мекен», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү Р. Рыскуловдуку – үйрөтүү.

**2-сабак**

1. «Мекенге ырды арнайбыз», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу.

2. «Кең мекен», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү Р. Рыскуловдуку – аткаруу.

**3-сабак**

1. «Жер эне», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.
2. «Дайым күн болсун», музыкасы А. Островскийдики, сөзү Л.Ошаниндики – үйрөтүү.

**4-сабак**

1. «Дайым күн болсун» – аткаруу.
2. «Кең мекен», музыкасы А. Жээнбаевдики, сөзү Р. Рыскуловдуку – аткаруу, уктуруу. Окуучулар менен чыгармалардын маанайы жөнүндө баарлашуу.

**5-сабак**

1. «Байчечекей», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү М. Жангазиевдики – үйрөтүү.
2. «Гүлдөй берсин мекеним», «Мекенге ырды арнайбыз» – уктуруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармалар жөнүндө баарлашуу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**6-сабак**

1. «Байчечекей», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү М. Жангазиевдики – аткаруу.
2. Өткөн сабактардагы уктуруу үчүн берилген чыгармаларды уктуруу жана чыгарамлардын мазмуну жөнүндө баарлашуу.

**7-сабак**

1. «Бабалардай болгум келет», музыкасы А. Жээнбайдыкы, сөзү Ж. Бөкөнбаевдики – уктуруу.
2. «Гүлдөй берсин мекеним», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармалар жөнүндө маек куруу.

**8-сабак**

1. Өткөн сабактардагы уктуруу үчүн берилген чыгарамалардын мазмуну жөнүндө баарлашуу.
2. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: «Энелердин жана апалардын майрамы» (4 саат)**

**9-сабак**

1. «Апакемдин майрамы», музыкасы, сөзү С. Кынатовдуку – үйрөтүү.
2. «Айым-күнүм ата-энем», музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку – уктуруу.

**10-сабак**

1. «Апакемдин майрамы» – аткаруу.
2. «Мы с бабулей», музыкасы А. Комарованыкы, сөзү. Л. Криллованыкы – уктуруу, Окуучулар менен ырдын мазмуну жөнүндө маектешүү.

**11-сабак**

1. «Апалардын майрамы», музыкасы Ш. Кемелгазиеваныкы, сөзү Т. Самудиновдуку – үйрөтүү.
2. «Эне менен бала», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.

**12-сабак**

1. «Апалардын майрамы» – аткаруу.
2. «Гүл бакта», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу.

**Тема: «Нооруз майрам» (8 саат)**

**13-сабак**

1. «Келди Нооруз», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку, сөзү Г. Момунованыкы – үйрөтүү.
2. «Жур польканы бийлейли» музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү Ж. Садыковдуку – уктуруу.

**14-сабак**

1. «Келди Нооруз» – үйрөтүүнү улантуу.
2. «Чон, атанын күүсү», музыкасы К, Молдобасановдуку – уктуруу.

**15-сабак**

1. «Келди Нооруз» – аткаруу.
2. «Жан апам», музыкасы жана сөзү И. Жунусовдуку – уктуруу.

**16-сабак**

1. «Жакшылыктын жылы болсун», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – үйрөтүү.
2. «Чон, атанын күүсү», «Жан апам», «Келди Нооруз» - уктуруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармаларды салыштырып маек куруу.

**17-сабак**

1. «Жакшылыктын жылы болсун», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – аткаруу.
2. «У нас сегодня весело» музыкасы В. Карзинаныкы, сөзү Г. Ладоншикованыкы – уктуруу.

**18-сабак**

1. «Ноорузум», музыкасы А. Карыбаевдики, сөзү Э. Эрматовдуку – үйрөтүү.
2. «Маме», музыкасы М. Давиташвлиники, сөзү М. Садовскийдики – уктуруу. Окуучулар менен уктурулган чыгармалардын маанайы жөнүндө маек куруу.

**19-сабак**

1. «Ноорузум» – аткаруу. Өтүлгөн темаларды кайталоо.
2. Чейректик корутунду сабакка даярдануу.

**20-сабак**

Чейректик корутунду концерт – сабак.

**IV ЧЕЙРЕК (16 саат)**

**Тема: «ЖАЗДА» (12 саат)**

**1-сабак**

1. «Күтүп жүрөм», музыкасы М. Касейдики, сөзү Д. Жамансартованыкы – үйрөтүү.
2. «Жаз келди», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу.

**2-сабак**

1. «Күтүп жүрөм» – аткаруу.
2. «Уя жасап береличи», музыкасы М. Бегалиевдики – уктуруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**3-сабак**

1. «Ак гүлдөр», музыкасы Т.Казаковдуку, сөзү И.Исаковдуку – үйрөтүү.
2. «Байчечекей», музыкасы Г. Ашымованыкы – уктуруу.

**4-сабак**

1. «Пришла весна», музыкасы жана сөзү С.Булдакованыкы – уктуруу.

**5-сабак**

1. «Май келди», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү Т. Тыныбековдуку – үйрөтүү.
2. «Көгүчкөн», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу.

**6-сабак**

1. «Май келди» – аткаруу.
2. «Көпөлөк», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.

**7-сабак**

1. «Пришла весна», музыкасы жана сөзү С. Булдакованыкы – үйрөтүү
2. «Жамгыр», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.

**8-сабак**

1. «Пришла весна» – аткаруу
2. «Жамгыр», «Көгүчкөн», «Байчечекей» – уктуруу. Окуучулар менен чыгармалардын мазмуну жөнүндө маек куруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**9-сабак**

1. «Май келди», «Пришла весна» – аткаруу.
2. Окуучулар аткарылган чыгармалардын ыргагы жөнүндө маек куруу.

**10-сабак**

1. «Золотое сонце», музыкасы жана сөзү Е. Обухованыкы – үйрөтүү.
2. «Болуп калды жаз убак», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү Б. Сарногоевдики – уктуруу.

**11-сабак**

1. «Золотое солнце» – аткаруу.
2. «Көпөлөк», «Жамгыр» - уктуруу. Окуучулар чыгармалардын мазмунуна жараша кыймыл көрсөтүү.

**12-сабак.**

1. Окуучулар өтүлгөн сабактардагы уктурулган жана аткарылган музыкалык чыгармалар менен маек курушат**.**
2. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**«ЖАЙДА» 4 саат**

**13-сабак**

1. «Лета – это красота», музыкасы жана сөзү Н. Сафоничеванныкы – уктуруу.
2. «Жайда», музыкасы А. Малдыбаевдики – үйрөтүү.

**14-сабак**

1. «Жайда», музыкасы А. Малдыбаевдики – аткаруу.
2. Окуучулар менен «Жайда» деген темада музыкалык маек куруу.

**15-сабак**

1. «Жайда» деген темага окуучулардын ой жүгүртүүсү. Жайкы каникулду өткөрүү боюнча маек-сабак.
2. Жылдык концерт-сабакка даярдануу.

**16-сабак**

1. Жылдык жыйынтык концерт – сабак.
2. Бул сабакта ата-энелердин алдында балдар жыл бою өздөштүрүшкөн чыгармалардан аткарып, дидактикалык оюндарды өткөрүү.

**2-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар**

Программага балдардын өткөн жыл ичиндеги алган билимдерин 2-класста тереңдетип улантууга ылайык талаптар киргизилди. Талаптар окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө, шык-жөндөмдөрүнө жараша коюлду. Алар:

- окуучулардын жайкы каникулда эс алуулары, кандай музыкалык чыгармалар менен таанышкандыктары жөнүндө маектешүү;
- берилген темалар боюнча кеңири маек куруу жана аларга ылайык чыгармалардан уктуруу, аларды талдоо;
- чыгармалардын авторлору жөнүндө кыскача баяндоо;
- балдар жана чоңдор хорун айырмалап билүү;
- ноталык сызыктар жана кошумча сызыктар. Скрипкалык ачкыч;
- ноталардын жайланышы (ноталык сызыктарда жана алардын арасында);
- добуш катарлары жана алардын аттары (до, ре, ми, фа, соль, ля, си);
- добуш катарларын төмөнтөн жогору карай (до1— до2) жана жогортон төмөн карай (до2— до1) аттарын атоо менен ырдоо;
- бир эле добушта ми, мэ, му муундарда көнүгүү ырдоо;
- музыкалык фразаларды бир эле дем алуу менен ырдоо;
- үндүү тыбыштарды туура калыптандыруу жана үнсүз тыбыштарды так, таза, ачык айтып, үндү кыспай чыгарып, эркин ырдоо;
- обондуу, мазмундуу, кооз, динамикалык белгилерди колдонуп ырдоону өздөштүрүү;
- аспаптын коштоосунда жана коштоосуз (акапелла) ырдоого көнүгүү;
- түрдүү мүнөздөгү көнүгүүлөрдөн ырдоо;
- берилген темалар боюнча ар кандай мүнөздөгү чыгармалардан өздөштүрүү.

**2-класска «Музыка биздин жашообузда»** деген негизги тема берилди. Мында 1-класстын темасына салыштырмалуу музыка окуучулардын жашоо-турмуштары менен түздөн-түз байланышта болду. Анын мазмуну жана максаты төмөндөгүдөй багыттарда көрсөтүлдү:

**1. Мектеп турмушу.** Окуучу мектепте өзүн алып жүрүүсү, окууга, эмгекке, майрамдарга, мектептеги ж. б. өтүлүүчү иш-чараларга жандуу катышууга көмөк көрсөтүү жана үйрөтүү.

**II. Адеп жана ыйман.** Балдар кайда болушпасын, мейли мектепте, үйдө, кечеде, эл арасында, ал өзүн адептүү алып жүрүүсү. Улууларга урмат, кичүүлөргө ызаат көрсөтүп, адамда болгон жакшы сапаттарга (кичи пейилдикке, адамгерчиликке, абийирдүүлүккө, чынчылдыкка, достукка ж. б.) тарбиялануусу.

**III. Эмгекке үйрөтүү.** Кол арага жарап калган балдарды «Күз – күрөш», «Жаз – жарыш» сыяктуу темаларда, күзгү жыйым-теримде, жазгы эмгекке, айлана-чөйрөнү жашылдандырууга, ата-энеге, улуу-кичүүгө жардам берүүгө үгүттөп, эмгекке болгон сүйүүсүн, шыгын кызыгуусун арттыруу менен тарбия берүү.

**IV. Ата Мекен.** Окуучуларды Ата Мекенге болгон сүйүүсүн арттырып, жылуу сезимдерин ойготуп, ага кызмат кылган атуулдарды тарбиялоо.

**V. Майрамдар.** Жыл ичинде болуп өтүүчү майрамдарда (Жаңы жыл, 8-Март, Нooруз, 1-Май, 9-Май ж.б.) ата-энелерди, бир тууғандарды, курбуларды, агай - эжейлерди куттуктоо, жакшы маанайда, ак тилекте, жылуу мамиледе болууга тарбиялоо.

**I ЧЕЙРЕК (18 саат)**

**Тема: «Биз окуучу балдарбыз» (6 саат)**

**1-сабак**

1. «Биринчи коңгуроо», музыкасы М. Касейдики, сөзү С. Эралиевдики -  уктуруу.

2. «Ачык көңүл балдарбыз», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү А. Кыдыровдуку - үйрөтүү.

3. Музыка деген эмне? Окуучулар менен музыка жөнүндө маектешүү.

**2-сабак**

1. «Ачык көңүл балдарбыз», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү А.Кыдыровдуку – аткаруу

2. «Эне тилим – кыргыз тилим», музыкасы К. Букалаевдыкы, сөзү Г. Болотованыкы- уктуруу.

3. К. Букалаевдин чыгармачылыгы жөнүндө баарлашуу.

**3-сабак**

1. «Адептүү баламын», музыкасы Ж. Дуйшеналиевдики, сөзү А. Кыдыровдуку – үйрөтүү.

2. «Убада берем», А. Малдыбаевдики – уктуруу.

3. Музыкалык сабаттуулук деген эмне?

**4-сабак**

1. «Адептүү баламын», музыкасы Ж. Дуйшеналиевдики, сөзү А. Кыдыровдуку – аткаруу.

2. «Тартиптүү бала», музыкасы Т. Эрматовдуку – уктуруу.

3. Музыкалык добуштар. Окуучулар менен музыкалык добуштар жөнүндө маек куруу.

**5-сабак**

1. «Окуу, окуу», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү А. Токомбаевдики – үйрөтүү.
2. «Досторум бар жерде», музыкасы В. Шаинскийдики, сөзү М. Таничтики – уктуруу.
3. Обон жөнүндө түшүнүк.

**6-сабак**

1. «Окуу, окуу» – аткаруу.

**2.** «Мына минтип» музыкасы, сөзү А. Малдыбаев – үйрөтүү жана уктуруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**Тема: Күз күрөш (6 саат)**

**7-сабак**

1. «Теримчилдер», музыкасы С. Жумалиевдики – уктуруу.
2. «Күзгү бакчам», музыкасы С. Айдаровдуку, сөзү Ж. Садыковдуку –үйрөтүү.
3. Нота сызыктары жөнүндө түшүнүк.

**8-сабак**

1. «Күзгү бакчам» – аткаруу.
2. «Осень золотая» – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Скрипкалык ачкыч (Соль ачкычы).

**9-сабак**

1. «Күз келди», музыкасы Э. Койбагарованыкы, сөзү К. Аскаровдуку – үйрөтүү
2. «Алтын күз», музыкасы Р. Абдыкадыровдуку – аткаруу жана уктуруу.

**10-сабак**

1. «Жардам бердик», музыкасы А. Малдыбаевдики сөзү М. Жангазиевдики – уктуруу.
2. «Күз келди» – аткаруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**11-сабак**

1. «Бүлдүркөн», музыкасы А. Бөдөшовдуку, сөзү Ж. Мамытовдуку – үйрөтүү.

2. «Теримчилер», музыкасы С. Жумалиевдики – уктуруу.

3. А. Малдыбаевдин (балдар ырларынын негизинде) чыгармачылыгы жөнүндө маек куруу.

**12-сабак**

1. «Бүлдүркөн» – аткаруу.
2. «Күз», музыкасы К. Эралиеваныкы – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Ноталардын аталыштары жана ноталык сызыкчаларда (станда) жайгаштырылышы.

**Тема: Биз Мекенди сүйөбүз (6 саат)**

**13-сабак**

1. «Кыргызстаным», музыкасы А. Бөдөшовдуку, сөзү К. Урманбетовдуку – үйрөтүү.
2. «Ай кең мекен, кең мекен», музыкасы А. Жээнбайдыкы, сөзү Р. Рыскуловдуку – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Ноталардын аталыштары жана ноталык сызыкчаларга жайгашышы.

**14-сабак**

1. «Кыргызстаным» – аткаруу.
2. «Мен кыргыздын уулумун», музыкасы, сөзү Ш. Эсенгуловдуку – уктуруу. Музыкалык дидактикалык оюндар.
3. Музыкалык сабат. Ноталардын жайгашышы (кайталоо).

**15-сабак**

1. «Светафор», музыкасы Э. Сасыбаевдики, сөзү К. Абдрахмановдуку – үйрөтүү.
2. «Сыймык», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү К. Урманбетовдуку – уктуруу.
3. Композитор А. Бөдөшовдун балдар чыгармалары.

**16-сабак**

1. «Светафор», музыкасы Э. Сасыбаевдики, сөзү К. Абдрахмановдуку –аткаруу.
2. «Баластан», музыкасы Т. Казаковдуку, сөзү К. Урманбетовдуку – уктуруу.

**17-сабак**

1. Өтүлгөн чейректеги музыкалык чыгармалардын мазмуну жөнүндө окуучулар менен маек куруу.
2. Музыкалык дидактикалык оюндар.

**18 сабак**

1. Чейректик жыйынтык сабак.
2. Чейрек ичинде өтүлгөн чыгармалардан концерт-сабак.

**II ЧЕЙРЕК (14 CAAT)**

**Тема «Ар мүнөздүү балдарбыз» (7 саат)**

**1-сабак**

1. «Ар мүнөздүү балдарбыз», музыкасы А. Мурзабаевдики, сөзү Ж. Абдыкалыкованыкы – үйрөтүү.
2. «Досторго», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Ноталардын созулуштары жөнүндө жалпы түшүнүк.

**2-сабак**

1. «Ар мүнөздүү балдарбыз», музыкасы А. Мурзабаевдики, сөзү Ж. Абдыкалыкованыкы – аткаруу.
2. «Эки дос», музыкасы (күү) Ы. Тумановдуку – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Бүтүн нота.

**3-сабак**

1. «Уя жасап берeличи», музыкасы М. Бегалиевдики, сөзү Ш. Дүйшеевдики – үйрөтүү.
2. «Оюн», музыкасы Э. Жумабаевдики – уктуруу.

**4-сабак**

1. «Уя жасап берeличи» – аткаруу.
2. «Бийлеймин», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Жарымдык нота.

**5-сабак**

1. «Крокодил Генанын ыры», музыкасы В. Шаинскийдики, сөзү А. Тимофеевскийдики – уктуруу.
2. «Баканын ыры», музыкасы К. Букалаев, сөзү А. Карасартов – үйрөтүү.

**6-сабак.**

1. «Баканын ыры», музыкасы К. Букалаев, сөзү А. Карасартов – үйрөтүү.
2. «Уят ай», музыкасы Ж. Малдыбаеванык, сөзү А. Кадырованыкы –уктуруу.

**7-сабак.**

1. «Баканын ыры», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү А. Карасартовдуку –аткаруу.
2. «Ынтымак ыры», музыкасы А. Укурчиновдуку, сөзү М. Тойбаевдики –уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Чейректик нота.

**Тема: «Кел, жаңы жыл, келе гой!» (7 саат)**

**8-сабак**

1. «Аппак кар», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү С. Исаковдуку – үйрөтүү.
2. «Жаңы жыл», музыкасы М. Абдраевдики – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Сегиздик нота.

**9-сабак**

1. «Аппак кар» – аткаруу.
2. «Жаңы жыл», музыкасы М. Бостонкуловдуку – уктуруу.

**10-сабак**

1. «Жаңы жыл», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – үйрөтүү.
2. «Новый год», группа Радуга – уктуруу.
3. Музыкалык сабат (өтүлгөн темаларды кайталоо).

**11-сабак**

1. «Жаңы жыл» – аткаруу.
2. «Татынакай телефон», музыкасы М. Рыскуловдуку сөзү К. Абдрахмановдуку – уктуруу.

**12-сабак**

1. «Көк жылгаяк», музыкасы элдики иштеп чыккан С. Бактыгулов –уктуруу, аткаруу.
2. Музыкалык сабат. Тыныгуулар (пауза).

**13-сабак**

1. Жарым жылдык корутунду сабакка даярдануу.

2. Чейректеги аткаруу үчүн берилген чыгармаларды кайталоо.

**14-сабак**

1. Жаңы жылдык концерт – сабак.

**III чейрек (20саат)**

**Тема: «Кыш кыроо» (5 саат)**

**1-сабак**

1. «Аппак кар», музыкасы С. Момбековдуку, сөзү Ш. Дүйшеевдики – үйрөтүү.
2. «Саламатпы, мейман кыш», украин эл ыры – уктуруу.

**2-сабак**

1. «Аппак кар», музыкасы С. Момбековдуку, сөзү Ш. Дүйшеевдики –аткаруу.
2. «Зимушка зима», музыкасы С. Булатовдуку – уктуруу.

**3-сабак**

1. «Көк жылгаяк», музыкасы элдики иштеп чыккан С. Бактыгулов –үйрөтүү.
2. «Аппак кар», музыкасы А. Борошовдуку – уктуруу.

**4-сабак**

1. «Көк жылгаяк» – аткаруу.
2. «Күлүк чана», музыкасы Э. Койбагарова, сөзү Т. Кожомбердиевдики –уктуруу.

**5-сабак**

1. «Наша ёлка», музыкасы, сөзү Т. Мираджиндики – үйрөтүү.
2. «Зима пришла», музыкасы, сөзү И. Дунаевскийдики – уктуруу.

**Тема: «Жаныбарлар досторум» (5 саат)**

**6-сабак**

1. «Наша ёлка» – аткаруу.
2. «Күчүк досум», музыкасы Т. Саламатовдуку, сөзү Т. Кожомбердевдики – уктуруу.

**7-сабак**

1. «Кулунум», музыкасы А. Малдыбаевдыкы, сөзү А. Токомбаевдики –үйрөтүү.
2. «Тайды таптап», музыкасы С. Бактыгуловдуку, сөзү С. Кубатованыкы –уктуруу.

**8-сабак**

1. «Кулунум» – аткаруу.
2. «Мамалак», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – уктуруу.

**9-сабак**

1. «Веселые гуси», орус эл ыры – үйрөтүү.
2. «Уя жасап береличи», музыкасы М. Бегалиевдики, сөзү Ш. Дүйшеевдики – уктуруу.

**10-сабак**

1. «Веселые гуси», орус эл ыры – аткаруу.
2. «Я на солнышке лежу», музыкасы Г. Гладковдуку, сөзү С. Козловдуку – уктуруу.

**Тема: “Жаз майрамдары» (5 саат)**

**11-сабак**

1. «Күн балдары», музыкасы К. Эралиеванык. сөзү Ж. Мамытовдуку – үйрөтүү.
2. «Апамдын обону», музыкасы Б. Глуховдуку – уктуруу.

**12-сабак**

1. «Күн балдары» – аткаруу.
2. «Чоң энем», музыкасы Б. Абдраимовдуку – уктуруу. Музыкалык дидактикалык оюн.

**13-сабак**

1. «Ким сулуу», музыкасы К. Букалаевдыкы, сөзү К. Урманбетовдуку – үйрөтүү.
2. «Апакемдин майрамы», музыкасы, сөзү С. Кынатовдуку – уктуруу.

**14-сабак**

1. «Ким сулуу» – аткаруу.
2. «Гүлдөр», музыкасы К. Эралиеваныкы, сөзү М. Буларкиеваныкы – уктуруу.

**15-сабак**

1. «Сармерден», музыкасы Г. Эсенгулованыкы, сөзү А. Карабаеваныкы – үйрөтүү.
2. «Алтын апам» музыкасы И. Жунусовдуку – уктуруу.

**Тема: "Нооруз майрам» (5 саат)**

**16-сабак**

1. «Сармерден» – аткаруу.
2. «Кызыл гүл», музыкасы В. Ниязалиеваныкы – уктуруу.

**17-сабак**

1. «Жөжөлөрүм», музыкасы К. Эралиеваныкы, сөзү А. Исаевдики – үйрөтүү.
2. «Кыргыз калкым», кыргыз эл музыкасы – уктуруу. Музыкалык дидактикалык оюн.

**18-сабак**

1. «Жөжөлөрүм» – аткаруу.
2. «Бишкегим» – уктуруу. Окуучулар менен музыканын маанайы жөнүндө маек куруу.

**19-сабак**

Чейрек жыйынтыгы, корутунду сабак.

**20-сабак**

Чейрек ичинде үйрөнгөн ырлар менен концерт – сабак.

**IV ЧЕЙРЕК (16 саат)**

**Тема: «Жаз жарыш» (8 саат)**

**1-сабак**

1. «Жаз майрамы», музыкасы К. Эралиеваныкы, сөзү С. Рысбаевдики – үйрөтүү.
2. «Бак тигели», музыкасы А. Малдыбаевдики – уктуруу.

**2-сабак**

1. «Жаз майрамы» – аткаруу.
2. «Биздин бакта», музыкасы М. Бостонкуловдуку – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Мажор жөнүндө түшүнүк.

**3-сабак**

1. «Жаз жарыш», музыкасы Н. Курманованыкы, сөзү А. Жакшылыковдуку – үйрөтүү.
2. «Байчечеке», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү М. Жангазиевдики – уктуруу.

**4-сабак**

1. «Жаз жарыш» – аткаруу.
2. «Эмгек бакыты», музыкасы Ш. Шеркуловдуку – уктуруу.
3. Музыкалык сабат. Минор жөнүндө түшүнүк.

**5-сабак**

1. «Байчечекей» музыкасы К. Букалаевдики, сөзү М. Жангазиевдики – үйрөтүү.
2. «Бак тигебиз” музыкасы К. Молдобасановдуку, сөзү Б. Абакировдуку – уктуруу.

**6-сабак**

1. «Байчечекей» – аткаруу.
2. «Күндү тосуу», музыкасы К. Эралиеваныкы, сөзү Ш. Мамбетаипованыкы – уктуруу.

**7-сабак**

1. «Жамгыр-ай», музыкасы Т. Молдогазиевдики, сөзү С. Жетимишевдики – үйрөтүү.
2. «Жылмаюу», музыкасы В. Шаинскийдики, сөзүн которгон К. Урманбетовдуку – уктуруу.

**8-сабак**

1. «Жамгыр-ай» – аткаруу.
2. Окуучулар менен аткарылган жана уктурулган музыкалык чыгармалар жөнүндө маек куруу, талдоо.

**Тема: «Куттуу болсун Улуу Жеңиш майрамы» (8 саат)**

**9-сабак**

1. «Май келди», музыкасы А. Малдыбаевдики, сөзү А. Үсөнбаевдики – үйрөтүү.
2. «Сулуу май», музыкасы Н.Давлесовдуку – уктуруу.

**10-сабак**

1. «Май келди» – аткаруу.
2. «Көпөлөк», музыкасы Э.Жумабаевдики – уктуруу

**11-сабак**

1. «Куттуу болсун Жениш майрам», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү Т. Акматовдуку – үйрөтүү.
2. «Эстелик», музыкасы Т. Казаковдуку – уктуруу. Окуучулар менен “Жеңиш күнү” темасында баарлашуу, диалог куруу.

**12-сабак**

1. «Куттуу болсун Жеңиш майрам», – аткаруу.
2. «Эстеликке таази», музыкасы, сөзү Т. Молдогазиевдики – уктуруу.

**13-сабак**

1. «Аскер жигит боломун», музыкасы Э. Койбагарованыкы, сөзү К. Аскаровдуку – үйрөтүү.
2. «Эр жоокер», музыкасы, сөзү Т. Молдогазиевдики – уктуруу.

**14-сабак**

1. «Аскер жигит боломун» – аткаруу.
2. «Кыргызстаным», музыкасы К. Асановдуку – уктуруу.

**15-сабак**

1. «Ата-Мекен», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү Ч. Шаршебаевдики –үйрөтүү.
2. «Мекеним Кыргызстаным», музыкасы Э. Мааданбековдуку, сөзү К. Иманалиевдики – уктуруу

**16-сабак**

1. «Ата-Мекен», музыкасы К. Букалаевдики, сөзү Ч. Шаршебаевдики – үйрөтүү.
2. «Тынчтык ыры», музыкасы А. Островскийдики, сөзүн которгон К. Урманбетов – уктуруу.

**17-сабак**

1. «Ата-Мекен» – аткаруу.

2. «Жайлоо көркү», музыкасы Б. Исаковдуку – уктуруу. «Жай көркү» деген темада маек – сабак.

**18-сабак**

1. Жылдык жыйынтык концерт – сабак.

**3-класс жыл ичинде коюлуучу талаптар**

Окуучулар 1-2-класстарда кандайдыр бир деңгээлде музыкалык билим жана тарбия алууга жетишишет. Улам ар бир класска жогорулаган сайын, окуучулардын билими да жогорулаары шексиз. Ошого ылайык ар нерсени туура баамдап, сезим-туюмдары, кабылдоосу өскөн окуучуларга 3-класстан окуу программасында төмөндөгүдөй талаптар коюлду: кыргыз элдик музыкалык аспаптары (комуз, ооз комуз, кылкыяк, чоор ж. б.) менен таанышуу;

- аспаптык чыгармалардан уктуруу;
- жылдык берилген темалар боюнча чыгармалардан уктуруу жана талдоо;
- чыгармалардын авторлору жөнүндө баяндоо;
- балдар жана чоңдор хорлорунан уктуруу;
- ноталык созулуштарды (бүтүн, жарым, чейректик, сегиздик) өздөштүрүү;
- тыныгуу белгилери (бүтүн, жарым, чейректик, сегиздик);
- альтернациялык белгилер (диез, бемоль, бекар);
- такт жана тактылык сызыктар; лига, стаккато жөнүндө түшүнүк;
- ырдоо эрежелерин билүү; до1—ре2 (ми2) добуш аралыгында ырдоону өздөштүрүү;
- бир эле добушта ла, ло, лу муундарында көнүгүү ырдатуу;
- үч үндүктө төмөнтөн жогору (до-ми-соль) карай жана жогортон төмөн (соль-ми-до) карай ырдоого көнүгүү;
- ыр, бий, марштардан көнүгүү ырдатуу; берилген темалар боюнча түрдүү мүнөздөгү чыгармалардан өздөштүрүү; аспаптын коштоосунда жана коштоосуз (а капелла) обонду так, таза, туура ырдоого көнүгүү.

Программа 3-класстын окуучуларына коюлган талаптарга ылайык төмөндөгүдөй мазмундагы багыттарда берилди. Алар:

I. *Элдик музыкалык аспаптар.* Окуучулар элдик музыкалык аспаптар менен таанышып, алардын түрлөрүн, өзгөчөлүктөрүн айрып билишип, ал аспаптарга жазылган чыгармалардан угуусу.

II. *Музыкадагы негизги жанрлар*. Окуучулардын музыкадагы негизги жанрлардан болгон «ыр», «бий», «марш» жана алардын түрлөрү менен таанышып, өздөштүрүшөт.

III. *Алтын күз*. Күзгү жыйым-терим, берекелүү күздүн көрүнүшү жана алтын сымал ажайып кооздугун музыкалык каражаттар менен образдуу чагылдыруусу. Балдардын ага болгон сезим-туюмдары, элестөөлөрү.

IV. *Музыка жомокто***.** Мында окуучулар кереметтүүлүгү, көркөм ажардуулугу, кызыктуулугу менен фантастикалуу окуялары, айлакер амалдуу каармандары менен балдардын жашоодогу ар кандай кыйынчылыктарга каршы күрөшүүгө, чыйрактыкка, ийкемдүүлүккө, эс-акылынын, ой-жүгүртүүсүнүн өсүшүнө, адамгерчиликке, адеп-ахлакка, ынтымакка, биримдикке, терс көрүнүштөрдөн оолак, жат адаттардан алыс болууга тарбиялаган жомоктордон жана тамсилдерден өздөштүрүп, алардын музыкадагы орду жөнүндө түшүнүк алышат.

V. *Жамак айтуу музыкада.* Окуучулар жамактын түрлөрү (жаңылмачтар, бат-айтмалар, калп-апыртмалар, табышмактар, макал-лакаптар) менен таанышып, өздөштүрүп угушат. Балдардын сөз байлыгын өстүрүүдө, айтууга оор сөздөрдү туура, так, ачык, түшүнүктүү, шар сүйлөөгө көндүрүүдө жаңылмачтардын, бат-айтмалардын тарбиялык мааниси өтө зор. Аларды дароо эле бат айтып, ырдоого кыйын, ошондуктан, мындай ырларды үйрөнүүдө этияттык менен алардын оор-жеңилине жараша берилиши керек. Ал эми көркөм образдардын демейдегидей эмес көрүнүштөрү, кызыктуу жана таң калаарлык күлкүлүү окуяларды камтыган, жашоо-тиричиликке туура келбей турган, өзүлөрүнүн аттары эле айтып турган апыртма-калптардын да тарбиялык мааниси зор. Табышмак ырлар болсо, балдардын сезимталдыгынын өсүшүнө, ар кандай табышмактуу кубулуштардын, көрүнүштөрдүн маанисине түшүнүүгө, тапкычтыкка, алардын кыялдануусуна, ой жүгүртүүсүнө шык берип, курчуп, тереңдеп өсүшүнө көмөк берүүсү менен маанилүү. Булар менен катар макал-лакаптар да, эзелтеден бери ата-бабаларыбыз колдонуп келе жаткан акылман ойлору жана улуу сөздөрү. Алардын да, эстетикалык, философиялык жактан тарбиялык мааниси абдан зор. Мында балдардын окууга болгон умтулуусун, китепке болгон сүйүүсүн, кызыгуусун арттырууга, адептүүлуккө, ыймандуулукка, достукка, эмгекке ж. б. жакшы сапаттарга тарбиялоо.

VI. *Жаңы жыл*. Жаңы жылдык жакшы маанай, ак тилектер, каалоолор. Бул тема 1-2-класстардагы «Жаңы жылды тосолу», «Кел жаңы жыл» темаларынын уландысы.

VII. *Сыйкырдуу кыш.* Кыштын кереметтүүлүгүнө, ажайып коождугуна, кыш мезгилиндеги жашоо-тиричиликке балдардын көз карашы, сезимдери.

VIII. *Жаздын көркү – майрамдар*. Аялдардын эл аралык күнү - 8-Март, мусулмандардын жаңы жылы – Нооруз, эмгекчилердин тилектештигинин эл аралык күнү – 1-Май, Улуу жеңиш – 9-Май майрамдарына байланыштуу, аларды чагылдырган чыгармалардын берилиши.

IX. *Кыргыз жана коңшу элдеринин музыкасынан.*

Бул темада элибиздин жана коңшу элдердин музыкасындагы айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр, байланыштар жөнүндө түшүнүк алуу. Ошону менен катар жаздагы эмгекти, жаз көркүн чагылдырган чыгармалардан өздөштүрүү. Чейректин аягында «Жайкы каникул» деген темада окуучулар менен аңгеме-сабагын өткөрүү. Ал эми *концерт сабак* менен жылдын жыйынтык сабагы өтүлөт.

**I ЧЕЙРЕК (9-саат)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Комуз менен таанышуу.

Ооз комуз жана кыл кыяк менен таанышуу.

Ноталык созулуштар (бүтүн нота).

Ноталык созулуштар (жарым нота).

Ноталык созулуштар (чейректик нота).

Ноталык созулуштар (сегиздик нота).

«Ыр» жана анын түрлөрү жөнүндө түшүнүк.

«Бий» жана анын түрлөрү жөнүндө түшүнүк.

«Марш» жана анын түрлөрү жөнүндө түшүнүк.

***Музыкалык материалдар:***

«Бала кербез», күүсү Токтогулдуку (уктуруу үчүн).

«Шайыр комузчу», музыкасы К. Молдобасановдуку, сөзү Б. Абакировдуку – үйрөтүү.

«Турумтай», элдик күү (ооз комуз) – уктуруу.

«Кер өзөн», күүсү Муратаалыныкы (кыл кыяк) – уктуруу.

Чоорлор (сыбызгы чоор, чопо чоор, ышкырык чоор, чогойно чоор ж. б.) жана урма аспаптар менен таанышуу.

«Койчунун күүсү», элдик күү (чоор) – уктуруу.

«Бешик ыры», музыкасы М. Бегалиев – уктуруу.

«Биз үчүнчү класспыз», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзүн жазган: Т. Кожомбердиев – үйрөтүү.

«Вальс», музыкасы Н. Давлесовдуку – уктуруу.

«Балдар маршы», музыкасы В. Власов, А. Малдыбаев, В. Ференики — уктуруу.

«Оюнчуктар маршы», музыкасы Д. Кабалевскийдики – үзүндү уктуруу.

«Биз үчүнчү класспыз» – аткаруу.

«Алтын күз», музыкасы Е. Глебовдуку – уктуруу.

«Күзгү ыр», музыкасы П. Чайковскийдики – уктуруу.

**II ЧЕЙРЕК (7 СААТ)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Жомоктор жана тамсилдер жөнүндө түшүнүк. Алардын музыкадагы орду.

Жамак жана анын музыкадагы орду.

Тыныгуу жөнүндө түшүнүк.

Бүтүн тыныгуу.

Жарымдык тыныгуу.

Чейректик тыныгуу.

Сегиздик тыныгуу.

***Музыкалык материалдар:***

«Ач карышкыр», музыкалуу жомогунан үзүндү. Музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы – уктуруу.

«Улактын ыры» («Ач карышкыр музыкалуу жомогунан») – үйрөтүү.

«Петя жана карышкыр» жомок-операсынан үзүндү. Музыкасы С. Прокофьевдики – уктуруу.

«Жанылмач-ыр», музыкасы М. Касейдики, сөзү Ж. Бекниязовдуку – үйрөтүү.

«Жаңылмач», музыкасы С. Осмоновдуку – уктуруу.

«Беш табышмак», музыкасы О. Турсуниязовдуку – уктуруу.

«Бизге жаңы жыл келет», музыкасы В. Герчиктики – уктуруу. «Жаңы жыл», музыкасы М. Абдраевдики, сөзү Н. Жетикашкаеваныкы – үйрөтүү.

**III ЧЕЙРЕК (10 СААТ)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Нота боюнча көнүгүүлөрдөн ырдоо.

Альтерация белгилер.

Диез.

Бемоль.

Бекар.

***Музыкалык материалдар:***
«Аппак кар» — аткаруу.
«Снежинки», музыкасы В. Шаинскийдики — уктуруу.
«Аппак кар», музыкасы Т. Молдогазиевдики, сөзү Э. Абдылдаевдики — үйрөтүү.
«Кыш жомогу», музыкасы М. Касейдики — уктуруу.
«Муздагы бий», музыкасы А. Петровдуку — уктуруу.
«Апамай», музыкасы К. Молдобасановдуку, сөзү Б. Абакировдуку — үйрөтүү.
«8-Март», музыкасы К. Молдобасановдуку — уктуруу.
«Атам менен апама», музыкасы Ж. Кайыповдуку — уктуруу.
«Нооруз майрамы», музыкасы, сөзү Ш. Кемелгазиеваныкы — уктуруу.
«Жарамазан» элдик ыр. Иштеп чыккан А. Жээнбаевдики — үйрөтүү.
«Веснянка» (хоровод с подснежниками, украин эл ыры) — уктуруу.

**IV ЧЕЙРЕК (8 СААТ)**
**Кыргыз жана коңшу элдердин музыкасынан**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***
Такт жөнүндө түшүнүк.
Тактылык сызыктар.

***Музыкалык материалдар.***
«Бак тигели», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү А. Осмоновдуку — үйрөтүү.
«Сары Арка», музыкасы Курмангазыныкы — уктуруу.
«Өзбек эл бийи» («Гүлсара» музыкалуу драмасынан үзүндү) - уктуруу.
«Биздин жай», музыкасы Д. Кабалевскийдики, сөзү А. Прищельцтики — үйрөтүү.
«Пахтачы кыздын бийи», тажик эл бийи — уктуруу.
«Жаз вальсы», музыкасы Е. Тиличееваныкы — уктуруу.
«Сулуу Май», музыкасы Ж. Малдыбаеваныкы — уктуруу.
«Гүлдөр», музыкасы А. Жуманалиевдики, сөзү И. Токтогуловдуку — үйрөтүү.
«Булак» (жайлоо баракчаларынан), музыкасы А. Мурзабаевдики — уктуруу. «Жайкы таңда», музыкасы С. Мамбетбаевдики.

**4-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар**

4-класстын окуучулары бул жылы башталгыч мектепти аякташат. Алар өткөн жылдардагы алган билимин жана тарбиясын тереңдетип улантуу, бышыктоо менен жыйынтыкташат. Буларды эске алуу менен окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык талаптар коюлду:

- жайкы эс алуулар, музыкалык кездешүүлөр жөнүндө аңгемелешүү;
- берилген темалар боюнча кеңири түшүнүк берүү, аларга ылайык чыгармалардан өздөштүрүү жана уктуруу;
- өздөштүрүлгөн чыгармаларга талдоо жүргүзүү;
- чыгармалардын авторлору жөнүндө кыскача баяндоо;
- аспаптык чыгармалардан уктуруу;

- балдар фольклордук ансамбли жана оркестри менен таанышуу, алардын аткаруусундагы жана алар үчүн жазылган чыгармалардан уктуруу;
- ыр мүнөздүү, бий мүнөздүү жана марш мүнөздүү чыгармалардан өздөштүрүү жана уктуруу, алар жөнүндө түшүнүк алуу;
- жөнөкөй өлчөмдөрдү өздөштүрүү;
- затакт жөнүндө түшүнүк алуу;
- чекит, фермато жөнүндө түшүнүү;
- ылдамдык жөнүндө түшүнүк алуу;
- добуш кубулуштарында колдонулуучу каражаттар (динамика, ыргак, штрих) менен таанышуу жана өздөштүрүү;
- ырдоо эрежелерин өздөштүрүү;
- до1—ми2 (фа2) добуш аралыгында ырдоого көнүгүү;
- бир эле үндө ли, лэ, лу муундарында ырдоого көнүгүү;
- берилген темалардагы чыгармаларга ылайык көнүгүүлөрдөн ырдоо;

4-класстын программасы 3-класска салыштырмалуу төмөндөгүдөй мазмундагы багыттарда берилди.

I. **Ыр, бий, марш мүнөздүү чыгармалар**.

3-класста окуучулар ыр, бий, марш жана алардын түрлөрү жөнүндө түшүнүк алышып, өздөштүрүшөт. Ал эми 4-класста ыр мүнөздүү, бий мүнөздүү, марш мүнөздүү чыгармалар менен таанышып, өздөштүрүшөт. Алардын айырмачылыктарын жана өзгөчөлүктөрүн айырып билишет.

II. *Күз берекеси.* Окуучуларга берекелүү күз жөнүндө баяндама берүү. Аны чагылдырган чыгармалардан өздөштүрүү жана уктуруу. Бул тема боюнча окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүлөрү.

III. *Балдар фольклордук (элдик аспаптар) ансамбли жана оркестри.* Окуучулардын фольклордук ансамбли жана оркестри менен таанышуусу («Сейтек» Республикалык балдар жана өспүрүмдөр борборунун комузчулар ансамбли, П. Шубин атындагы балдар музыкалык мектебинин темир ооз комузчулар ансамбли, М. Абдраев атындагы музыкалык мектебинин балдар фольклордук оркестри ж. б.). Балдар фольклордук ансамбли жана оркестри үчүн жазылган чыгармалар менен таанышуу жана уктуруу. Фольклордук ансамблдин жана оркестрдин балдарга тийгизген таасири жана тарбиялык мааниси.

IV. *Уламыштар жана болмуштар музыкада. бул тема 3-класстагы «Музыка жомокто»* темасынын уландысы. Анда окуучулар жомоктор жана тамсилдер жөнүндө окуп үйрөнүшсө, 4-класста алар эзелки тарыхый мезгилди, доордон-доорго, кылымдан-кылымга, ооздон-оозго улам кийинки урпактарга уламалап өтүп келген уламыштар («Камбаркан», «Талым кыз менен Көбөктүн айтышы» ж. б.), тээ качандыр бир мезгил-де болуп өткөн окуялуу болмуштар («Кет бука», «Карагул ботом» ж. б.) жөнүндө, алардын музыкадагы орду тууралуу кени-ри маалымат ала алышат. Максат – уламыштардагы жана болмуштардагы бийик музыкалуу поэтизацияланган көркөм образдар аркылуу окуучуларды адеп-ахлакка, ыйманга, адамгерчи-ликке ж. б. асыл сапаттарга тарбиялоо. 3-4-класстардагы бул темалар 5-класста «Дастан музыкада» деген темада (улуу дастандар – «Манас», «Семетей», «Сейтек», кенже дастан-дар – «Курманбек», «Жаныш, Байыш», «Кедейкан» ж. б.) улантылат.

V. *Музыка жаңы жылда*.

Бул темада 3-класстагы «Шаңдуу жаңы жыл» темасы улантылат.

VI. *Кыш жана жай чилделери.*

Бул темалар боюнча окуучулар менен маек куруу. Кыш жана жай чилделериндеги жашоотиричилик, кубулуштар, айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр жөнүндө баяндоо.

VII. *Жаздагы майрамдар.* Мында 3-класстагы «Жаздын көркү майрамдар» темасын терендетип улантуу.

VIII. *Кыргыз жана чет элдеринин музыкасынан.*

3-класстын IV чейрегинде *«Кыргыз жана коңшу элдеринин музыкасынан»* деген тема берилген эле, ал эми 4-класста болсо, анын уландысы катары теманы тереңдетүү максатында чет элдеринин музыкасын өздөштүрүү камтылды. Анткени, бул темада окуучулар кыргыз музыкасы менен чет элдеринин музыкасынын байланыштыгы, айырмачылыктары, өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүк алышып, атактуу композиторлору менен таанышып, алардын чыгармаларынан өздөштүрүлөт.

**I ЧЕЙРЕК (9 СААТ)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Ыр мүнөздүү чыгармалар жөнүндө түшүнүк.

Бий мүнөздүү чыгармалар жөнүндө түшүнүк.

Марш мүнөздүү чыгармалар жөнүндө түшүнүк.

Балдарга комузчулар жана ооз комузчулар ансамблдери жөнүндө баяндоо.

Берекелүү күз жөнүндө окуучулар менен маек куруу.

***Музыкалык материалдар:***

«Обон», музыкасы Э. Жумабаевдики – уктуруу.

«Жүр польканы бийлейли», музыкасы Н. Давлесовдуку, сөзү Ж. Садыковдуку – үйрөтүү.

«Беш ыргай», музыкасы А. Темировдуку – уктуруу.

«Жеңиш», музыкасы Ы. Тумановдуку (комуз куусу) – уктуруу.

«Жүрүш ыры», музыкасы К. Молдобасановдуку, сөзү Т. Үмөталиевдики – үйрөтүү.

«Теримчилер ыры», музыкасы М. Абдраевдики, сөзү А. Акаевдики – үйрөтүү. «Урожайная», музыкасы И. Дунаевскийдики – уктуруу.

«Күз», музыкасы К. Молдобасановдуку – уктуруу.

«Маш ботой» (комузчулар ансамблинин аткаруусунда), музыкасы А. Огомбаевдики – уктуруу.

«Керме-Тоо» (темир комузчулар ансамблинин аткаруусунда), музыкасы элдик — уктуруу. «Кош кайрык» (фольклордук оркестр үчүн), музыкасы Э. Жумабаевдики — уктуруу.

**II ЧЕЙРЕК (7 СААТ)**

***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***

Уламыштар. Алардын музыкадагы орду жөнүндө баяндоо.

Болмуштар. Алардын музыкадагы орду жөнүндө баяндоо.

Өлчөмдөр жөнүндө түшүнүк.

Жөнөкөй өлчөм (2/4).

Жөнөкөй өлчөм (3/4).

***Музыкалык материалдар:***
«Талым кыз менен Көбөктүн айтышы», музыкасы, сөзү элдики - уктуруу.
«Карагул ботом», музыкасы, сөзү элдики – уктуруу.
«Ыйман деген эмне?» – аткаруу.
«Жаңы жыл – жаркын үмүттөр», музыкасы Ж. Кайыповдуку – уктуруу.
«Жаңы жылым», музыкасы, сөзү Г. Эсенгулованыкы – үйрөтүү.
«Жаңы жылым» — аткаруу.
«Танец снежинок», музыкасы А. Жилиндики – уктуруу.
«Аяз-Ата», музыкасы, сөзү Ш. Кемелгазиеванықы – үйрөтүү.
«Новогодняя», музыкасы М. Парцхаладзеники — уктуруу.
«Аяз-Ата» — аткаруу.

**III ЧЕЙРЕК (10 СААТ)**
***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***
Затакт жөнүндө түшүнүк.
Фермато жөнүндө түшүнүк.
Өтүлгөн сабактар боюнча кыш көрүнүшү жөнүндө көркөм элестөөлөрдү, фантазияларды кагаз бетине сүрөттөө. Чейректе өтүлгөн темалар боюнча музыкалык табышмак өткөрүү.

***Музыкалык материалдар:***
«Кышкы ыр», музыкасы Ж. Малдыбаеванықы, сөзү Т. Кожомбердиёвдики – үйрөтүү.
«Кышкы кеч», музыкасы М. Яковлевдики – уктуруу.
«Кардагы издер», музыкасы Ж. Малдыбаеванықы – уктуруу.
«Снежинка», музыкасы Я. Дубравиңдики – уктуруу.
«8-Март», музыкасы Ы. Тумановдуку (комуз күүсү) – уктуруу.
«Эки энем», музыкасы Ч. Жумакановдуку, сөзү Р. Рыскуловдуку – үйрөтүү.
«Чон эненин жомогу», музыкасы Э. Жумабаевдики – уктуруу.
«Кел Ноорузум», музыкасы, сөзү С. Бактыгуловдуку – үйрөтүү.
«Мектеп карнавалы», музыкасы В. Петровдуку – уктуруу.
«Нооруз», музыкасы Н. Давлесовдуку – уктуруу.

**IV ЧЕЙРЕК (8 саат)**
***Маалыматтык (окутуу) материалдар:***
Кыргыз жана чет элдеринин музыкасы жөнүндө баяндама.
Элдик музыка жөнүндө маек.
Ылдамдыктар жөнүндө түшүнүк.
Чекит жөнүндө түшүнүк.
Добуш катарында колдонулуучу каражаттар (динамика, ыргак, штрих).

***Музыкалык материалдар:***
«Шырылдаң», кыргыз эл ыры — уктуруу.
«Күн балдары», музыкасы К. Эралиеванықы, сөзү Ж. Мамытовдуку — үйрөтүү.

«За рекой старый дом», музыкасы И. Бахтыкы — уктуруу.
«Учуп барам», музыкасы Т. Чокиевдики, сөзү К. Жунушевдики - үйрөтүү.
«Смелый наездник», музыкасы Р. Шумандыкы - уктуруу.
«Түрк маршы», музыкасы В. Моцарттыкы - уктуруу.
«Сулуу май», музыкасы Н. Давлесовдуку - уктуруу.
«Гүлдөр», музыкасы К. Эралиеваныкы, сөзү М. Буларкиеваныкы - үйрөтүү.
«Ветерок и ветер», музыкасы Л. Бетховендики - уктуруу.

## МАЗМУНУ


1. ТҮШҮНҮК КАТ ................................................ ........................................... 3
2. 1-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар ..................................................... 6
3. 2-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар ..................................................... 12
4. 3-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар..................................................... 20
5. 4-класс үчүн жыл ичинде коюлуучу талаптар..................................................... 23

Мазмуну ........................................................................................................ 27